***Токтогулова Г.Т., Доранова А.Д.***

**Жаштар арасындагы миграциялык процесстер – социологиялык изилдөөнүн обцектиси**

Азыркы мезгилдеги кыргыз өлкөсү үчүн актуалдуу маселелердин бири, экономикалык проблемалардын негизинде келип чыккан миграция проблемасы.

Акыркы мезгилдерде кыргыз коомунун жашоосунун социалдык экономикалык, саясий чөйрөлөрүндө терең өзгөрүүлөр болуп, бул көрүнүш жаштарга өтө чоң таасир берген. Айрыкча миграциялык кырдаалга, тактап айтсак Россияга агылып кетүүсүнө алып келген. Ал эми жалпы эле кыргыз элиндеги жаштар жагдайына кайрылсак, жалпы адамдардын айрыкча жаштардын кандай кырдаалдарга, кыйынчылыктарга, карама-каршылыктарга ылайыкташып жашоосу татаал процесс. Мындай өткөөл көрүнүштөрдүн натыйжасында баш аламандык күчөп, жалпынын социалдык активдүүлүгү начарлашы ыктымал. Жаштар коомдун келечеги, ошондуктан акыркы мезгилдерде кайсы илимдин  тармагы болбосун ушул проблеманын актуалдуулугун сунушташууда.

Россия жана башка чет мамлекеттер менен болгон миграциялык алмашуу терең өзгөрүү менен коштолууда. Атап айтсак, 1989-90-жылдардагы эл каттоо боюнча мурдагы көрсөткүчкө салыштырмалуу үч эсе азайгандыгы көрсөтүлгөн. Чет өлкөдө жумуш издөө материалдык маселелерди чечүү бир жагынан оң натыйжаларды берет, ошондой эле кээде коңшу мамлекеттер менен этникалык чыр-чатактарга барган фактылар да кездешет. 1995-жылдары чет өлкөлөргө айрыкча орус мамлекетине мындай агылып кетүүлөр бир аз азайгандыгы белгилүү. Себеби көп сандаган мигранттарды кабыл алуу алар үчүн да оор маселе болгон.

Анткени ал тарапка бир гана Кыргызстандын жаштары гана эмес Өзбекстан, Казакстан, граждандык баш аламандыктан кийин Таджикистан сыяктуу көптөгөн чет жерликтер жумуш издеп барышууда. Жаштар арасында миграциялык процесске түрткөн негизги фактор республиканын экономикалык абалы, 2000-жылдагы Кыргызстандагы жакырчылык абал жалпы массанын жарымынан көбүн ээлеп, орточо айлык акы да, калктын жашоосун канааттандырган эмес. Ушундай стабилдүү эмес кырдаалга байланыштуу миграция жаштар арасында күн санап күч алууда. Кайда болбосун ар бир адам жакшы иштеп, айлык акы таап өзүнүн материалдык керектөөсүн канааттандырганы жакшы көрүнүш, бирок, экинчи жагынан негативдүү жактары да байкалууда. Атап айтсак: жаштардын массалык агылып кетүүсү Кыргызстандын демографиялык кырдаалына, айрыкча, үй-бүлө күтүү, улуттук салт-санааларды улантуучулук жактарына терс таасирин тийгизүүдө. Ошондой эле, билим берүү, илим, экономикалык абалда убакыт өткөн сайын кризистик абалга туш келиши мүмкүн. Өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүгө жөндөмдүү жогорку деңгээлдеги адистердин чет өлкөдөн жумуш издеши улуттук экономиканын начарлашына алып келет.

Эгер чет өлкөдө жүргөн кыргыз жаштары өз мамлекетинде жашап иштешсе, соода процесси да жогорку көрсөкүчтү көрсөтмөк. Ушундай кырдаалга байланыштуу акыркы мезгилдерде жаштар арасында иш алып баруу комитеттери, жаштарды жумуш менен камсыздоо департаменттери, биржалары пайда болууда. Ал эми социологдор жаштар арасында атайын социлогиялык изилдөөлөрдү жүргүзүшүүдө. Мындай изилдөөлөрдүн негизин жаштардын негизги проблемалары  жана алардын жашоодогу максаттары, өлкөнүн экономикалык абалына жаштардын берген баасы, динге болгон мамилелери, өлкөнүн саясатына катышуусу жана башка актуалдуу суроолор түзүп, аларды тынчсыздандырган проблемалар такталууда. Мындай социологиялык изилдөөлөрдөн реалдуу жыйынтыктарды алууга болот. Мисалы: көйгөйлүү суроолорго алынган жооптордун кайсынысынын саны жогорку баскычты  көрсөтсө ошол жаштардын келечеги үчүн болгон аракети деп эсептөөгө болот.

Төмөндөгү сунушталган суроо аркылуу социологиялык сурамжылоо жүргүзсөк: Жаштар келечекте эмнеге аракеттенет?

1. Материалдык жыргалчылык

2. Билим алуу
3. Өз кесибинин адиси болуу
4. Бийликке умтулуу
5. Саясатка аралашуу
6. Үй-бүлө күтүү
7. Коомго пайда келтирүү
8. Чет өлкөгө кетүү
9. Сүйүү, достук
10. Ата-энеге камкордук.

Берилген суроолорду анализдеп көрсөк, көпчүлүк жаштардын билим алуу, саясатка аралашуу, коомго пайда келтирүү, бийликке умтулууга караганда, чет өлкөгө кетип, материалдык керектөөсүн камсыздап, ата-энесине, үй-бүлөөсүнө камкордук кылууга аракеттенгендиги байкалат. Ошондуктан жогорку окуу жайларында да талапкерлердин саны кескин азайып, кесип айлык акысына, аброюна карата тандалууда. Адистердин маалыматы боюнча мындай тандоо өз кесибинин адиси болушуна терс таасирин тийгизип, жүргүзүлгөн изилдөөдө төмөнкү көрсөткүчтү берген. Жогоруда сунушталган сүйүү, достук патриоттуулук, руханий өсүү, маданий баалуулуктарды сактоо жана урматтоо мамилелери базар экономикасынын шартында материалдык кызыкчылык менен алмашууда. Жаштар өздөрүнүн социалдык-экономикалык абалдарын жакшыртууну чет өлкөлөрдөн издешип, жүргүзүлгөн изилдөө боюнча чет өлкөгө кетүү суроосуна жогорку көрсөткүч таандык болууда.

Соңку мезгилдердеги өлкөнүн социалдык-экономикалык абалынын кайсы жактары жаштарды канааттандырбагандыгын да социологиялык изилдөө аркылуу тактоого болот:

а) жумушсуздук
б) айлык акынын төмөнкү деңгээли
в) электр жарыгын берүүнүн кыскарышы
г) газга болгон төлөмдүн өсүшү
д) салыктарды жогорулатуу сунуштары

Эми жаштардын динге болгон мамилесин жана көз-караштарын да социологиялык изилдөө аркылуу алардын диндик адабияттарга болгон кызыгуусун, диндик ырым-жырымдарды аткаруусун, кабыл алуусун сурамжылоо менен аныктоого болот. Дин инсандарга ар тараптуу таасир этет. Бир жагынан ыйманга, адептүүлүккө, тартипке чакырса, экинчи жагынан динге берилбеген адамдар менен динди жактоочулардын ортосунда карама-каршылык жана ажырым пайда кылат. Үчүнчү жагынан диндик экстремисттик жана террористик уюмдар көбүнчө жаштардын жаш өзгөчөлүгүнөн жана материалдык абалынан пайдаланып, өз коомуна каршы пайдаланышкан фактылар да жок эмес. Ошондуктан жаштар көйгөйлөрүн анализдеп, алардын келечектүү максаттарын ишке ашырууга жардам берүү учур талабы жана актуалдуу маселе.

Жыйынтыктап айтсак, 1990-жылдагы Кыргызстандагы миграция процессинде эки карама-каршы деструктивдүү жана конструктивдүү фактор пайда болгон. Биринчисинде, союздук республиканын кулашы менен этникалык чыр-чатактар өсүп, улуттук наразылык күч алып, саясий баш аламандык жана экономикалык кризис болгон. Экинчисинде, өлкөдө базар экономикасы киргизилип, айрыкча жаштар арасында миграция күч алган.

Алар бир жагынан чет элдерден прогрессивдүү таасирлерди, анын ичинде жогорку маданиятты, тилди, соода жүргүзүүнүн учурдагы шартка ылайык формаларын үйрөнүп кайтышса, экинчи жагынан кээ бир жаштарыбыз ошол таасирлерден да куру жалак кайтышууда.

Жогорудагы жагдайларды эске алып, акыр аягында айтаарыбыз мамлекет жалпы адамдын ошонун ичинде жаштар проблемасын чечүү үчүн жардам бериши, алардын укугун коргошу, алардын келечеги үчүн кам көрүүсү, кыскача айтканда этномаданият үчүн шарт түзүүсү коомдук зарылдык.

Жалпы адамзат үчүн кайгыруу, аларды гумандуулукка тарбиялоо, акыл насыят айтуу гуманист акындардын эмгектеринде да кездешет. Белгилүү кыргыз акындары Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо, Жеңижок, Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын негизги борборун адам проблемасы түзөт. Адамдын коомдогу абалын, жашоо шартын, айрыкча,

материалдык абалы төмөн кедей-дыйкандардын социалдык абалына токтолушуп, бай-манаптардын адамгерчиликсиз аракеттерин ашкерелешкен.

Ошол чыгармаларда жаштарга өзгөчө көңүл бурушуп, коомдогу теңсиздикке, адилетсиздикке кайгырышкан жана сындашкан. Жаштарды эмгектенүүгө, билим алууга, адам болууга чакырышкан. Кыргызстандын Россиянын курамына кошулушун кыргыз акындары алгач чочуркоо менен кабыл алышса, кийинчерээк орус элиндеги адилеттүүлүктү, маданияттуулукту, агартуунун таасирлерин баса белгилеген чыгармалары да жок эмес. Мисалы: Токтогул Сатылгановдун

Билимдин кени орусta;
Дениң соодо эринбей,
Бекерликке берилбей,
Эркиң менен жумуш кыл,
Эринчээк жалкоо дедирбей – деген ошол доордогу ыр саптары жаштарды келечек ээси болууга чакырып азыркы мезгил менен үндөшүп турат.

Кайсыл жагынан алып караба, миграция процесси кыргыз мамлекетине терең орноп бара жаткандай. Дээрибиз кыргыз мигранттары, айрыкча жаштарыбыз кайда жашоо кечирбесин, өзүнүн тилин, дилин, маданиятын, улуу инсандык ариетин сактап, башка өлкөлөрдүн позитивдүү, заманбап жетишкендиктерин, прогрессивдүү таасирлерин алып келишсе, жашоосун жакшы нукка бурса коом үчүн оң таасирлер байкалмак.

Илимий эмгектерде, энциклопедияларда миграция түшүнүгү байыртадан эле белгилүү болуп, адамзат тарыхында чоң ролду ойногондугу белгилүү.

Миграция латын тилинен которгондо migratio, migro – өтүп жатам, көчүп жатам дегенди билдирип, биринчиден көчүү, жер оошуу; экинчиден калктын миграциясы – жер которууга байланыштуу элдердин көчүүсү (биротоло – туруктуу жашоо ордун биротоло башка жерге алмаштыруу; убактылуу – бир кыйла узак, бирок белгилүү убакытка көчүшү; мезгилдүү жылдын белгилүү гана мезгилдеринде көчүү). Миграция ички жана сырткы болуп айырмаланат. Сырткы миграцияга – эммиграция жана иммиграция кирет. Ички миграцияга – айылдан шаарга, бир жерден экинчи жерге жер которуу кирет; үчүнчүдөн жаныбарлардын миграциясы – мекендеген жериндеги жашоо шартынын өзгөрүүсүнө же өөрчүү циклине байланышкан жаныбарлардын жер которуусу саналат.

Ошентип калк миграциясы адамзат тарыхында белгилүү ролду ойнойт жана ар түрдүү аспектилерге ээ. Азыркы мезгилдеги кыргыз мамлекетиндеги миграция процессинин кескин өөрчүшү жана проблемалары баардык илимдердин изилдөө обңектисине айланууда. Мисалга алсак, демография, экономика, философия, география, социология, статистика жана этнография.

Ошого байланыштуу азыркы мезгилде

***Токтогулова Г.Т., Доранова А.Д.***

## Жаштар арасындагы миграциялык процесстер – социологиялык изилдөөнүн обңектиси

Азыркы мезгилдеги кыргыз өлкөсү үчүн актуалдуу маселелердин бири, экономикалык проблемалардын негизинде келип чыккан миграция проблемасы.

Акыркы мезгилдерде кыргыз коомунун жашоосунун социалдык экономикалык, саясий чөйрөлөрүндө терең өзгөрүүлөр болуп, бул көрүнүш жаштарга өтө чоң таасир берген. Айрыкча миграциялык кырдаалга, тактап айтсак Россияга агылып кетүүсүнө алып келген. Ал эми жалпы эле кыргыз элиндеги жаштар жагдайына кайрылсак, жалпы адамдардын айрыкча жаштардын кандай кырдаалдарга, кыйынчылыктарга, карама-каршылыктарга ылайыкташып жашоосу татаал процесс. Мындай өткөөл көрүнүштөрдүн натыйжасында баш аламандык күчөп, жалпынын социалдык активдүүлүгү начарлашы ыктымал. Жаштар коомдун келечеги, ошондуктан акыркы мезгилдерде кайсы илимдин тармагы болбосун ушул проблеманын актуалдуулугун сунушташууда.

Россия жана башка чет мамлекеттер менен болгон миграциялык алмашуу терең өзгөрүү менен коштолууда. Атап айтсак, 1989-90-жылдардагы эл каттоо боюнча мурдагы

көрсөткүчкө салыштырмалуу үч эсе азайгандыгы көрсөтүлгөн. Чет өлкөдө жумуш издөө материалдык маселелерди чечүү бир жагынан оң натыйжаларды берет, ошондой эле кээде коңшу мамлекеттер менен этникалык чыр-чатактарга барган фактылар да кездешет. 1995-жылдары чет өлкөлөргө айрыкча орус мамлекетине мындай агылып кетүүлөр бир аз азайгандыгы белгилүү. Себеби көп сандаган мигранттарды кабыл алуу алар үчүн да оор маселе болгон.

Анткени ал тарапка бир гана Кыргызстандын жаштары гана эмес Өзбекстан, Казакстан, граждандык баш аламандыктан кийин Таджикистан сыяктуу көптөгөн чет жерликтер жумуш издеп барышууда. Жаштар арасында миграциялык процесске түрткөн негизги фактор республиканын экономикалык абалы, 2000-жылдагы Кыргызстандагы жакырчылык абал жалпы массанын жарымынан көбүн ээлеп, орточо айлык акы да, калктын жашоосун канааттандырган эмес. Ушундай стабилдүү эмес кырдаалга байланыштуу миграция жаштар арасында күн санап күч алууда. Кайда болбосун ар бир адам жакшы иштеп, айлык акы таап өзүнүн материалдык керектөөсүн канааттандырганы жакшы көрүнүш, бирок, экинчи жагынан негативдүү жактары да байкалууда. Атап айтсак: жаштардын массалык агылып кетүүсү Кыргызстандын демографиялык кырдаалына, айрыкча, үй-бүлө күтүү, улуттук салт-санааларды улантуучулук жактарына терс таасирин тийгизүүдө. Ошондой эле, билим берүү, илим, экономикалык абалда убакыт өткөн сайын кризистик абалга туш келиши мүмкүн. Өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүгө жөндөмдүү жогорку деңгээлдеги адистердин чет өлкөдөн жумуш издеши улуттук экономиканын начарлашына алып келет.

Эгер чет өлкөдө жүргөн кыргыз жаштары өз мамлекетинде жашап иштешсе, соода процесси да жогорку көрсөкүчтү көрсөтмөк. Ушундай кырдаалга байланыштуу акыркы мезгилдерде жаштар арасында иш алып баруу комитеттери, жаштарды жумуш менен камсыздоо департаменттери, биржалары пайда болууда. Ал эми социологдор жаштар арасында атайын социлогиялык изилдөөлөрдү жүргүзүшүүдө. Мындай изилдөөлөрдүн негизин жаштардын негизги проблемалары  жана алардын жашоодогу максаттары, өлкөнүн экономикалык абалына жаштардын берген баасы, динге болгон мамилелери, өлкөнүн саясатына катышуусу жана башка актуалдуу суроолор түзүп, аларды тынчсыздандырган проблемалар тактaлууда. Мындай социологиялык изилдөөлөрдөн реалдуу жыйынтыктарды алууга болот. Мисалы: көйгөйлүү суроолорго алынган жооптордун кайсынысынын саны жогорку баскычты  көрсөтсө ошол жаштардын келечеги үчүн болгон аракети деп эсептөөгө болот.

Төмөндөгү сунушталган суроо аркылуу социологиялык сурамжылоо жүргүзсөк: Жаштар келечекте эмнеге аракеттенет?

11. Материалдык жыргалчылык
12. Билим алуу
13. Өз кесибинин адиси болуу
14. Бийликке умтулуу
15. Саясатка аралашуу
16. Үй-бүлө күтүү
17. Коомго пайда келтирүү
18. Чет өлкөгө кетүү
19. Сүйүү, достук
20. Ата-энеге камкордук.

Берилген суроолорду анализдеп көрсөк, көпчүлүк жаштардын билим алуу, саясатка аралашуу, коомго пайда келтирүү, бийликке умтулууга караганда, чет өлкөгө кетип, материалдык керектөөсүн камсыздап, ата-энесине, үй-бүлөөсүнө камкордук кылууга аракеттенгендиги байкалат. Ошондуктан жогорку окуу жайларында да талапкерлердин саны кескин азайып, кесип айлык акысына, аброюна карата тандалууда. Адистердин маалыматы боюнча  мындай тандоо өз кесибинин адиси болушуна терс таасирин тийгизип, жүргүзүлгөн изилдөөдө төмөнкү көрсөткүчтү берген. Жогоруда сунушталган сүйүү, достук патриоттуулук, руханий өсүү, маданий баалуулуктарды сактоо жана урматтоо мамилелери базар экономикасынын шартында материалдык кызыкчылык менен алмашууда. Жаштар өздөрүнүн

социалдык-экономикалык абалдарын жакшыртууну чет өлкөлөрдөн издешип, жүргүзүлгөн изилдөө боюнча чет өлкөгө кетүү суроосуна жогорку көрсөткүч таандык болууда.

Соңку мезгилдердеги өлкөнүн социалдык-экономикалык абалынын кайсы жактары жаштарды канааттандырбагандыгын да социологиялык изилдөө аркылуу тактоого болот:

а) жумушсуздук

б) айлык акынын төмөнкү деңгээли

в) электр жарыгын берүүнүн кыскарышы

г) газга болгон төлөмдүн өсүшү

д) салыктарды жогорулатуу сунуштары

Эми жаштардын динге болгон мамилесин жана көз-караштарын да социологиялык изилдөө аркылуу алардын диндик адабияттарга болгон кызыгуусун, диндик ырым-жырымдарды аткаруусун, кабыл алуусун сурамжылоо менен аныктоого болот. Дин инсандарга ар тараптуу таасир этет. Бир жагынан ыйманга, адептүүлүккө, тартипке чакырса, экинчи жагынан динге берилбеген адамдар менен динди жактоочулардын ортосунда карама-каршылык жана ажырым пайда кылат. Үчүнчү жагынан диндик экстремисттик жана террористик уюмдар көбүнчө жаштардын жаш өзгөчөлүгүнөн жана материалдык абалынан пайдаланып, өз коомуна каршы пайдаланышкан фактылар да жок эмес. Ошондуктан жаштар көйгөйлөрүн анализдеп, алардын келечектүү максаттарын ишке ашырууга жардам берүү учур талабы жана актуалдуу маселе.

Жыйынтыктап айтсак, 1990-жылдагы Кыргызстандагы миграция процессинде эки карама-каршы деструктивдүү жана конструктивдүү фактор пайда болгон. Биринчисинде, союздук республиканын кулашы менен этникалык чыр-чатактар өсүп, улуттук нааразылык күч алып, саясий баш аламандык жана экономикалык кризис болгон. Экинчисинде, өлкөдө базар экономикасы киргизилип, айрыкча жаштар арасында миграция күч алган.

Алар бир жагынан чет элдерден прогрессивдүү таасирлерди, анын ичинде жогорку маданиятты, тилди, соода жүргүзүүнүн учурдагы шартка ылайык формаларын үйрөнүп кайтышса, экинчи жагынан кээ бир жаштарыбыз ошол таасирлерден да куру жалак кайтышууда.

Жогорудагы жагдайларды эске алып, акыр аягында айтаарыбыз мамлекет жалпы адамдын ошонун ичинде жаштар проблемасын чечүү үчүн жардам бериши, алардын укугун коргошу, алардын келечеги үчүн кам көрүүсү, кыскача айтканда этномаданият үчүн шарт түзүүсү коомдук зарылдык.

Жалпы адамзат үчүн кайгыруу, аларды гумандуулукка тарбиялоо, акыл насыят айтуу гуманист акындардын эмгектеринде да кездешет. Белгилүү кыргыз акындары Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо, Жеңижок, Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын негизги борборун адам проблемасы түзөт. Адамдын коомдогу абалын, жашоо шартын, айрыкча, материалдык абалы төмөн кедей-дыйкандардын социалдык абалына токтолушуп, бай-манаптардын адамгерчиликсиз аракеттерин ашкерелешкен.

Ошол чыгармаларда жаштарга өзгөчө көңүл бурушуп, коомдогу теңсиздикке, адилетсиздикке кайгырышкан жана сындашкан. Жаштарды эмгектенүүгө, билим алууга, адам болууга чакырышкан. Кыргызстандын Россиянын курамына кошулушун кыргыз акындары алгач чочуркоо менен кабыл алышса, кийинчерээк орус элиндеги адилеттүүлүктү, маданияттуулукту, агартуунун таасирлерин баса белгилеген чыгармалары да жок эмес. Мисалы: Токтогул Сатылгановдун

Билимдин кени оруста;<br>
Дениң соодо эринбей,<br>
Бекерликке берилбей,<br>
Эркиң менен жумуш кыл,<br>
Эринчээк жалкоо дедирбей – деген ошол доордогу ыр саптары жаштарды келечек ээси болууга чакырып азыркы мезгил менен үндөшүп турат.

Кайсыл жагынан алып караба, миграция процесси кыргыз мамлекетине терең орноп бара жаткандай. Дээрибиз кыргыз мигранттары, айрыкча жаштарыбыз кайда жашоо кечирбесин, өзүнүн тилин, дилин, маданиятын, улуу инсандык ариетин сактап, башка

өлкөлөрдүн позитивдүү, заманбап жетишкендиктерин, прогрессивдүү таасирлерин алып келишсе, жашоосун жакшы нукка бурса коом үчүн оң таасирлер байкалмак.

Илимий эмгектерде, энциклопедияларда миграция түшүнүгү байыртадан эле белгилүү болуп, адамзат тарыхында чоң ролду ойногондугу белгилүү.

Миграция латын тилинен которгондо migratio, migro – өтүп жатам, көчүп жатам дегенди билдирип, биринчиден көчүү, жер оошуу; экинчиден калктын миграциясы – жер которууга байланыштуу элдердин көчүүсү (биротоло – туруктуу жашоо ордун биротоло башка жерге алмаштыруу; убактылуу – бир кыйла узак, бирок белгилүү убакытка көчүшү; мезгилдүү жылдын белгилүү гана мезгилдеринде көчүү). Миграция ички жана сырткы болуп айырмаланат. Сырткы миграцияга – эммиграция жана иммиграция кирет. Ички миграцияга – айылдан шаарга, бир жерден экинчи жерге жер которуу кирет; үчүнчүдөн жаныбарлардын миграциясы – мекендеген жериндеги жашоо шартынын өзгөрүүсүнө же өөрчүү циклине байланышкан жаныбарлардын жер которуусу саналат.

Ошентип калк миграциясы адамзат тарыхында белгилүү ролду ойнойт жана ар түрдүү аспектилерге ээ. Азыркы мезгилдеги кыргыз мамлекетиндеги миграция процессинин кескин өөрчүшү жана проблемалары баардык илимдердин изилдөө обңектисине айланууда. Мисалга алсак, демография, экономика, философия, география, социология, статистика жана этнография.

Ошого байланыштуу азыркы мезгилде өткөрүлүп жаткан илимий конференциялардын өзөгүн да ушул темалар түзүүдө.

**Адабияттар**

1. А.Биялинов. Десятилетие реформ в Кыргызстане: до рыночной экономики еүе далеко. // Центральная Азия и Кавказ. - №6, 2001. – С. 96.
2. В.А. Тиүков этнология и политика: научная публицистика. – М.; Наука, 2001. – С. 66.
3. Ж.Зайончковская: Миграция в разном масштабе времени центр изучения проблем вынужденной миграции в СНГ. // Научные доклады. – Вып. 1. – М., 1999. – С. 37.
4. Кыргыз тарыхы. Энциклопедия. Бишкек, 2003. – С. 289.
5. С.Токтогул. Чыгармаларынын толук жыйнагы. – Б., 1980. С. 180.
6. Тоголок Молдо. Чыгармаларынын толук жыйнагы. – Б., 1986. С. 190.

ткөрүлүп жаткан илимий конференциялардын өзөгүн да ушул темалар түзүүдө.

**Адабияттар**

7. А.Биялинов. Десятилетие реформ в Кыргызстане: до рыночной экономики еүе далеко. // Центральная Азия и Кавказ. - №6, 2001. – С. 96.
8. В.А. Тиүков этнология и политика: научная публицистика. – М.; Наука, 2001. – С. 66.
9. Ж.Зайончковская: Миграция в разном масштабе времени центр изучения проблем вынужденной миграции в СНГ. // Научные доклады. – Вып. 1. – М., 1999. – С. 37.
10. Кыргыз тарыхы. Энциклопедия. Бишкек, 2003. – С. 289.
11. С.Токтогул. Чыгармаларынын толук жыйнагы. – Б., 1980. С. 180.
12. Тоголок Молдо. Чыгармаларынын толук жыйнагы. – Б., 1986. С. 190.